
# Чагылган тоскуч



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Чагылган тоскуч

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чагылган тоскуч" (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Жаныбек жайлоого барган. Эртеси капысынан эле жадырап тийип турган күн бүркөлдү. Капкара булут пайда болду. Күн күркүрөп, булуттарды жарган ийри-буйру оттуу сызыктар көрүнүп, чагылган чартылдай баштады. Шатырата жамгыр төгүп жиберди.

– Жайлоо ушундай болот, балам. Заматта эле жамгыр төгүп, кайра ачылып турат. Буга таң калба! Чагылган да түшүшү мүмкүн, – деди чоң атасы.

– Баягы жылы чагылган темир казыкка байланып турган атка тийген, – деди чоң апасы.

– Тээтигил жалгыз өсүп турган чоң бакка жыл сайын эле чагылган тие берет. Ошондуктан анын жанына эч ким боз үйүн тикпейт. Жаанда бакка жашынган болбойт, – деди аларды угуп турган чоң атасы.







– Чоҥ ата, шаарда темир өтө эле көп да. Эмне үчүн шаарга чагылган түшпөйт?

– Шаардагы үйлөрдүн төбөсүнө чагылган тоскуч орнотулат. Ал чагылгандын энергиясын өзүнө тартып алып, жерге өткөрүп жиберет.

Жамгыр шатырата төгүп жатты. Үстөккө-босток чагылган жаркылдап, анын чатыраган үнү угулду. Алар боз үйдүн эшигин түрүп коюп, ичинде отурушту. 20 мүнөткө жетер-жетпес убакытта жамгыр басылып, булуттар чыгышты карай сүрүлдү. Жаадай болуп ийилген түркүн түстүү күндүн желеси көрүндү. Жаныбекти ушул көрүнүштөр абдан таң калтырды.






Жаныбек телефонун ачып чагылган, күн желеси жөнүндө окуй баштады.


Жерден бууланган аба көтөрүлүп, булуттар пайда болот. Булуттун үстү жагында оң, асты жагында терс заряддалган талаа түзүлөт. Бул талаалар жылышып, бири-бири менен урунганда чагылган жаралат. Чагылгандын энергиясы абдан күчтүү болот. Температурасы 25 000 – 30 000$^{O}$Сге жетет. Жаанда алгач чагылгандын жарыгы көрүнүп, анан үнү угулат. Чагылган секундасына 100 метрден ашкан ылдамдык менен жерге учуп түшөт. Чөлдө кумга түшкөн чагылган кумду эритип, айнек түтүкчөлөрдү пайда кылат. Үйгө, токойго түшсө, өрт чыгат. Чагылган көбүнчө бийик жана жалгыз дарактарга, эмен, терек, карагайга, керилген зымдарга, темир көп жерге, сууга түшөт.

Жаныбек эми чагылган тоскуч жөнүндөгү маалыматтарды издей баштады. Чагылган тоскучту өз колу менен жасаса болорун билди.






Эксперимент үчүн чоң атасы көрсөткөн жалгыз терекке чагылган тоскуч жасамай болду. Канча метр ток өткөргүч зым алыш керектигин билүү үчүн бактын бийиктигин ченеш керек. Ал үчүн Жаныбек бактын бийиктигин ченөөнүн математикалык эң жөнөкөй ыкмасын тандап алды. Теректин катарына туруп, өзүнүн көлөкөсүн ченеди. Ал 1м 20см болду. Өзүнүн чыныгы бою 1м 48см болчу. Бактын көлөкөсү 9м 15см экен. Даректын көлөкөсүнүн узундугун өзүнүн боюна көбөйтүп, алынган көбөйтүндүнү өзүнүн көлөкөсүнүн узундугуна бөлдү: (915 x 148) : 120 = 11,29. Демек, теректин узундугу 11м 29см.




Чагылган тоскуч

Шаарга келгенде, чагылган тоскуч жасоого киришти. Тоскуч үчүн 1 метр жез түтүкчө, кенен жетсин деп 15 метр ичке алюминий зым, жердештиргич деп аталган металл электрод сатып алды.

Кийинки жылы жайлоого келгенде жасай турган чагылган тоскучун ала келди. Жайлоодогу досу Нурбектин жардамы менен теректин баш жагына жез түтүктү байлап бекитти. Ага зымды бириктирип зымдын экинчи учун электродго туташтырды. Бактын түбүн ным чыга баштаганча 1м 50см казып, металл электродду ошол жерге көмдү. Ошол жылы бакка чагылган тийген жок. Анткени Жаныбектин чагылган тоскучу чагылгандын энергиясын тосуп алып, токту жерге өткөрүп жибериптир.



Жаныбек эми дагы кайсы жерге чагылган тоскуч коюу керектигин ойлоно баштады...



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли